**№ 46 «Багы-Шамал» жалпы орто билим берүүчү мектеби 5-класстын адаптация (калыптануусу) боюнча маалымат**

Ош-1 статистикалык маалымат боюнча 5-а класс 18 окуучу : 8 эркек бала,10 кыздар болуп бекитилген.Башталгыч класстан ортоңку звеного өтүүдө окуучулардын билим алуудагы социалдык-психологиялык деңгээлин изилдөө максатында байкоо жүргүзүлдү. Бул класста сабак өтүүчү мугалимдер менен аңемелешүү өткөрүлдү. 5-а класстын сабактарына катышып, окуучулардын билим сапатына көз салынды.
Классташтары жана мугалимдери менен тил табыша албаган окуучулар менен изилдөө иштери өткөрүлдү.Предметтик мугалимдер окуучулар менен жекече жана жаш курагын эске алуу менен сабак өтүүгө аракеттеништи.Окутуунун жаңы ыкмаларынан пайдаланып ,жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып,педагогикалык чеберчилиги менен иштеп жатышат. Ата-энелер жана предмет мугалимдери катышуусунда тарбиялык саат өткөрүлдү.
« Бала тарбиясында үй-бүлөлүк китепкана болуусун таасири» темасында өткөн тарбиялык саат мугалимдерге да, ата-энелерге да абдан жакты. Ата-энелерге анкета суроолору берилди. Баласынын өзгөчө характерлери жөнүндө жазып берүүсү сунушталды.
ФАПтын башкы врачы Косимова Х. жетекчилигинде даарыгерлер тобу тарабынан окуучулардын ден соолугун талапка жооп берилиши текшерилди.
«Жолдо жүрсөң абайла» темасында класстык саат өтүлдү. Жолдо жүрүү эрежелери эске алынды.Ушул класстык саат негизинде окуучулардын күндөлүктөрүнө «Мектеп-үй-мектеп» маршрутун картасы тартилды.